"Кыргыз Туусуна" – 95 жыл

# Санжыралуу гезит кылымдарды багынта берсин!

**Урматтуу "Кыргыз Туусу" гезитинин эмгек жамааты! Кадырлуу журналисттер!**

Сиздерди "Кыргыз Туусу" гезитинин 95 жылдык маарекеси жана кесиптик майрамыңыздар менен чын дилибизден куттуктайбыз.

"Кыргыз Туусунун" басып өткөн байсалдуу жолуна бир аз кылчайсак, тун гезит алгачкы санынан тарта калкыбыздын сабатсыздыгын жоюуга кызмат кылып, агартуучулук милдет өтөгөнү белгилүү. Ошол эле кезде республикадагы өсүштөрдү, кемчиликтерди чагылдырып, эмгекти, маданиятты даңазалап, тарыхка басым жасады. "Кыргыз Туусунун" кабарчыларынын жазгандары аркылуу Кыргызстандын эли Өкмөттүн жүргүзүп жаткан ички-тышкы саясаты, өлкөдө болуп жаткан социалдык-экономикалык, маданий жаңылыктар, окуялар менен кабардар болуп келишет.

Бул кызматы менен улуттук тун гезит эл менен бийликти байланыштырып турган көпүрөлүк да милдет аткарып жатат. Кыргыз-Түрк "Манас" университети "Кыргыз Туусу" менен бир топ жылдан бери үзүрлүү кызматташып келатат. "Кыргыз Туусунун" эмгек жамаатын гезиттин 95 жылдыгы менен чын дилден куттуктайбыз, ден соолук, чыгармачылык зор ийгиликтерди, бакубатчылыкты каалайбыз!

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору Себахаттин БАЛЖЫ,**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биринчи проректору Асылбек КУЛМЫРЗАЕВ**

# Кут даарыган жамаат мен үчүн сыймык

**«Советтик Кыргызстан» гезитинде иштейм дегендин өзү сыймык, чоң аброй болчу. 1985-жылы Биз университетти аяктап жатканда эле курсташтарым ар кайсы тармактардан иш издеп калышкан. Мени болсо Кадамжай районуна бөлүштүрүп коюшуптур. Ал жакка барганга үй-бүлөлүк шартым туура келбейт эле. Келинчегим студент, аны таштап кантип кетмек элем.**

Ошентип тагдыр мени "Советтик Кыргызстан" гезитинин редакциясына алып келди. Курманбек Раматов менен тааныш болуп калгам. Ал менин "Советтик Кыргызстандагы" "крышам" болуп калды. Курманбек байке мени Жооптуу катчы деген сүрдүү кишиге алып кирди. Кийин билсем, Ажымукан Түркмөнов агай чын эле редакциянын ишин ары-бери калчаган киши экен. Ал менин коммунист экенимди билгенден кийин, "корректор болуп иштей аласыңбы" деп сурады. Андан кийин Башкы редакторго жетелеп кирди. Жаныбек Жумалиевич аябагандай сүрдүү да, каардуу да адам көрүндү мага. Ажыкемдин артында турам калтырап, качан кууп чыгат экен деп. Ал Ажыкемдин сөзүн укту да мага карап, "корректор болуп иштеш колуңдан келеби" деди. Шашканымдан "келет" деп жибердим. "Анда барып иштей бер" деп чыгарып жиберди. Башка эчтеке сураган жок. Мен болсо "Советтик Кыргызстанга" ишке кириш оңой эле турбайбы деп шанайып калдым. Көрсө, ошол кезде Жаныбек Жумалиевичтин үстүнөн Борбордук комитетке тоголок арыздар "жаап" жаткан кези экен. Алардын бир шылтоосу эле редакцияга нарындыктарды толтуруп алды деген доомат экен. Ал жагынан менин ишим оңунан чыгыптыр. Менин компартиянын мүчөсү экендигим жана нарындык эместигим жакшы болгон экен.

Корректорлук жумуштун ачуу-таттуусун типографияда конуп-түнөп иштей баштаганда билдик го чиркин. Ар бир кетирген катаң үчүн жооптуу редактордун алдында турасың "албырып шаттык жүзүңдөн" болуп жер тиктеп. Бир жолу башкы редактордун орун басары Өкүмбек Жоробеков агай чакырып жатат дегенинен кабинетине кирсем, мен окуган бетти кармап отуруптур. Бир балээ болгон экен деп жүрөгүм түшүп калды. "Ай бала, көзүң көрбөйт турбайбы. Мобу эмне?!" деп гезиттин бетиндеги катаны көргөздү. Карасам СССР Жогорку Совети деген сөз айкалышындагы Жогорку деген сөз "Жегорку" болуп калыптыр. Өлөт деген ушул экен деп эле денем муздай түштү. "Вечерканын" эмне болгонун угуп жатпайсыңбы. Көзүңдү ачып окубайсыңбы. Биз да көрбөй калсак эмне боло-рунду билесинби" деп бир-эки зекиди да чыгарып жиберди. Ошол ошол болду, андан кийин "вечный корректор" болуп гезитти "төрт" көздөп окуп калдым. Азырга чейин дежур болгондо көзүм "төртөө" болуп калат.



Солдон оңго: «Советтик Кыргызстандын» 1972-1986-жылдардагы редактору Жаныбек Турсунов, Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор Калыйнур Үсөнбеков, «Советтик Кыргызстандын» кызматкерлери Таалайбек Темиров, Курманбек Раматов (1994-1996-жылдары «Кыргыз Туусун» жетектеген).

Чындыгында эле Жаныбек Жумалиевич өтө эле катуу киши көрүнчү. Ал киши коридордо келатканда чымын учса угулчудай жымжырт боло калчу. Кабинеттерге кире качар элек. Бирок ал кишинин эң мыкты сапаты жамааттын бир да кызматкерин башка бирөөгө "жем кылып, жедирчү" эмес. Кайсы деңгээлде болсо да "редакциянын иши үчүн мен жооп берем" деп дайым кызматкерлерди «көкүрөгүн тосуп» сактап калганына күбө болгонбуз. Үч ай корректор болуп иштегенден кийин эле мени Окуу жайлар жана мектептер бөлүмүнө кабарчылык кызматка которуп коюшту. Ал жерде Мады байке бөлүм башчы экен. Имамады Мамбетказиев адамгерчилиги, жигитчилиги мыкты, далайларга жардамы тийген, ажаат ачкан азамат эле. Өмүрү кыска экен. Бул жалган дүйнөдөн эрте кетти.

Өзүнүн 95 жылдык маарекесин белгилеп жаткан куттуу гезитибизге мен ушинтип келип калганмын. Албетте, ушул кут уялаган жамаатка кошулуп иштеп калганыма тагдырыма чексиз ыраазымын.

**Аскарбек НАСИРДИНОВ, «Кыргыз Туусу»**